DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2022

*Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К.*

# ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН АКТИВДҮҮЛҮГҮН КӨТӨРҮҮГӨ КАРАТА АНЫКТООЧУ ЭКСПЕРИМЕНТ

*Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К.*

# ОПРЕДЕЛЯЮЩИЙ ЭКСПЕРИМЕНТ ПО ПОВЫШЕНИЮ АКТИВНОСТИ СТУДЕНТОВ В СРЕДНЕМ ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ

*Sh. Kurmankulov, M. Zhoroeva*

# A DEFINING EXPERIMENT TO INCREASE THE PERSONAL ACTIVITY OF STUDENTS IN A SECONDARY VOCATIONAL EDUCATIONAL INSTITUTION

*УДК: 372.853. (575.2) (043.3)*

*Изденүүдө активдүүлүк өз алдынча илимий билим алууга түрткү берүүчү күч экендиги белгиленип, орто кесиптик окуу жайында студенттердин сабак өздөштүрүүгө болгон активдүүлүгүн кандай иш аракеттердин негизинде көтөрүүгө болот жана ал мектепте окуучулардын активдүүлүгүн көтөрүүдөгү мугалимдеринин ой-пикири менен канчалык деңгээлде айкалышат деген маселе каралган. Орто кесиптик окуу жайында иштеген окутуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү менен орто кесиптик окуу жайларындагы студенттердин предметти окууга болгон кызыгууснун акыбалы, студенттеринин өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн тенденциясы, кайсы иш-аракеттердин негизинде колледждин студенттеринин өз алдынча билим алуусуна карата активдүүлүгүн көтөрүүгө боло тургандыгы жана анын таасири аныкталган. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыгынын негизинде кийинки жүргүзүлүүчү илимий иштин багыты такталган.*

***Негизги сөздөр:** активдүүлүк, инновация, өз алдынчалуулук, өздөштүрүү, окуу жүгү, ой-пикир, иш-аракеттер, кызыгуу, факторлор, кесипке багытоо.*

*В исследовании отмечается, что активность является движущей силой самостоятельного научного образования, и рассматривается вопрос о том, на основе каких действий можно повысить активность учащихся в усвоении урока в среднем профессиональном учебном заведении и в какой степени она сочетается с мнениями преподавателей в повышении активности учащихся в школе. Проведением опроса преподавателей, работающих в средних профессиональных учебных заведениях, определено состояние интереса студентов средних профессиональных учебных заведений к изучению предмета, тенденция способности их студентов к самостоятельному обучению, на основе каких видов деятельности можно повысить активность студентов в отношении самообучения и его влияние. На основании результатов эксперимента определяется направление дальнейшей работы.*

***Ключевые слова:** активность, инновация, автономия, мастерство, учебная нагрузка, обратная связь, действия, интересы, факторы, профориентация.*

*The study notes that activity is the driving force of independent scientific education, and examines the question on the basis of which actions it is possible to increase the activity of students in learning a lesson in a secondary vocational educational institution and to what extent it is combined with the opinion of teachers in increasing the activity of students in school. By conducting a survey of teachers working in secondary vocational educational institutions, the state of interest of students of secondary vocational educational institutions in the study of the subject, the tendency of their students' ability to self-study, on the basis of which types of activities it is possible to increase students' activity in relation to self-study and its impact is determined. Based on the results of the deterministic experiment, the direction of further scientific work is specified.*

***Key words:** activity, innovation, autonomy, mastery, learning load, feedback, actions, interests, factors, career guidance.*

Билим берүүнүн кандай гана мекемелеринде болбосун, жогорку окуу жайында болобу, орто кесиптик окуу жайында болобу же орто мектепте болобу билим алуунун натыйжалуулугу билим алуучулардын активдүүлүгүнөн көз каранды болот [1,2]. Профессор И. Бекбоев бүгүнкү билим берүүдөгү керектөөлөр жөнүндө айтып [3, 82-б.]: "Адамзаттын универсалдуу керектөөлөрүнүн бири – бул, билим берүүнүн технологияларынын негизинде адамдын илимий билимдерге өз алдынча ээ болууга, аны жаңылоого жана пайдаланууга үйрөтүү жөндөмдүүлүгү болуп олтурат" – деген. Ал эми активдүүлүк бул студенттердин өз алдынча илимий билим алуусуна түрткү берүүчү күч экендиги белгилүү нерсе эмеспи. Мындан активдүүлүктүн мааниси эмнеде экендигин билүүгө болот. Көрсөтүлгөн макалада окуучулардын активдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл шарттардын бар экендигин белгилөө менен активдүүлүктүн көрсөткүчү жөнүндө мындай деген [4, 231-б.]: "Окуучунун активдүүлүгүнүн көрсөткүчү катары – анын окуу-уюштуруучулук, окуу-интеллектуалдык, окуу маалыматтык билгичтиктери, алардын бири-бири менен байланышы эсептелет" - деп активдүүлүктүн предметтерин көрсөткөн.

Мектепте окуучулардын сабакта өтүлгөн материалды өздөштүрүүгө болгон активдүүлүгү жакшы болсо анда акырындап окуу жүгүнүн оордугун мугалимден окуучуга өткөрүп берүү процессин ишке ашырууга мүмкүн. Бул факторду анализдөө үчүн биз мектеп мугалимдеринен төмөнкүдөй: "Окуу жүгүнүн оордугун мугалимден окуучуга өткөрүү кандай иш аракеттердин негизинде жүрүшү мүмкүн" – тема боюнча сурамжылоо жүргүзгөнбүз жана алардын таасирин аныктаганбыз [5]. Анда сурамжылоо бланкасында 17 аталыштагы иш аракет көрсөтүлгөн. Табигый-математикалык предметтерден сабак берген 173 мугалимдин ой-пикири менен белгиленген жооптору боюнча биринчи 5 орунда турган иш аракеттерге төмөнкүлөр кирген: "Сабакта ар кандай логикалык ой жүгүртүүчү суроо-тапшырмаларды берүү", "Сабакта

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



окуучуларды бири-бирине суроо бергизүү", "Окутуунун оюн методдорун колдонуу менен жүргүзүү", "Окуучуларга жекече тапшырма берип, аны башка окуучулардын алдында презентация жасатуу", "Окуу материалын жакшы өздөштүргөн окуучуга жетишпеген окуучуга жардам берүүсүн талап кылуу".

Эгерде окуучу өтүлүп жаткан сабакка активдүү катыша албаса, анда анын сабак материалын өз алдынча өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү чектелүү болушу мүмкүн. Ошондуктан биз мурда окуучулардын сабакка болгон активдүүлүгүн кандай факторлордун жардамы менен көтөрүүгө мүмкүн экендигин анализдөө максатында дагы изденүү жүргүзгөнбүз. Мында табигый-математикалык предметтерден сабак берген 159 мугалимдин берген жоопторунун негизинде 18 аталыштагы иш-аракеттерден биринчи 5 орунда турган иш аракеттерге төмөнкүлөр кирген. Алар [6]: "Мугалимдин методикалык шыктуулугу, чыгармачыл жана тажрыйбалуу болушу", "Өтүлүүчү сабак маалыматтарынын, мисалдарынын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү болуусу", "Сабакты бир түрдүү өтпөй, ар кандай инновациялык методдорду көбүрөөк колдонуп өтүү", "Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү", жана "Окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуу".

Бул макалада биз орто кестиптик окуу жайында студенттердин сабак өздөштүрүүгө болгон активдүүлүгүн кандай иш аракеттердин негизинде көтөрүүгө болот жана ал мектеп мугалимдеринин ой-пикири менен канчалык деңгээлде айкалышат деген маселени карадык. Изденүүгө керектүү сурамжылоо Ош, Жала-Абад, Өзгөн жана Кызыл-Кыя шаарларында жайгашкан орто кесиптик окуу жайларында иштеген табигый предметтерден сабак берген 86 окутуучулардын арасында жүргүзүлдү.

Макалада көрсөтүлгөн негизги максаттан мурда орто кесиптик окуу жайларындагы жалпы тенденсияларды билип алууга аракет жасалды. Анткени бүгүн коомчулукта орто мектептерде жакшы окуган окуучулар, б.а. түздөн-түз жогорку билим алууну каалаган окуучулар гана 10-класста окуганга калышып, калган билими начар же орто болгон окуучулар орто кесиптик окуу жайларына кетип жатышат деген ой-пикирлер жаралууда. Экинчиден, мындай билими тайкы окуучулар менен өз алдынча иштерди жана өз алдынча билим алуу тапшырмаларды (СРСти) аткартууда проблемалар жаратышы мүмкүн экендиги маалым.

Сурамжылоо эксперименти төмөнкү үч суроо менен жүргүзүлдү (Туура деген жоопко белги коюлат):

***1-суроо*. *Студенттердин Сиз окуткан предметти окууга болгон кызыгуусу кандай абалда?*** **А)**. *Предетке кызыккандар аз_______*. **Б)**. *Предметке кызыккандар көп эле_______*. **В)**. *Предметке кызыккандар жыл сайын азайып барат_______*. **Г)**. *Предметке кызыккандар жыл сайын көбөйүп баратат _______*.

***2-суроо. Сиз окуткан орто кесиптик окуу жайынын (колледждин) студенттеринин өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн кандай деп баалайсыз?*** **А)**. *Студенттердин өз алдынча билим алууга толук мүмкүнчүлүгү бар _____*. **Б)**. *Негизинен өз алдынча билим алууга мүмкүнчүлүгү бар_______*. **В)**. *Өз алдынча билим алууга жарым-жартылай мүмкүнчүлүгү бар_______*. **Г)**. *Өз алдынча билим алууга мүмкүнчүлүгү жок ________*. **Д)**. *Мен жооп бере албайм _______*.

***3-суроо.*** Орто кесиптик билим берүүдө Сиз сабак берген предметти окутууда төмөндөгү аталган кайсы иш-аракеттердин негизинде колледждин студенттеринин өз алдынча билим алуусуна карата активдүүлүгүн көтөрүүгө болот жана анын таасири канчалык *деп ойлойсуз? Эгерде: абдан таасирлүү болсо -"5", жакшы таасири болсо - «4», орточо таасири болсо - «3», кичине анча-мынча таасири болсо - «2», таасири дээрлик жок болсо "1" - деген белги менен таблицаны толтуруңуз.*

*1-таблица*

| № | Иш аракеттердин аталыштары. Жалпы саны-25 | Таасир этүү даражасы |
|---|---|---|
| **1.** | Сабакта студенттердин ортосунда талаш-тартыш маселесин жаратуу, алардын пикир алмашуусуна түрткү берүү. | **2** |
| **2.** | Сабак мазмунун кесипке байланыштуу кызыктуу, жөнөкөй мисалдар менен жеткиликтүү кылуу. | 4 |
| **…** | ж.б …. | … |
| **25** | Сабак өтүү процессинде эксперименттерди, тажрыйбаларды, көрсөтмө материалдарды кеңири колдонуу. | 3. |
| | ***Эскерме**: Көрсөтүлгөндөн сырткары сиз ойлогон иш-аракет болсо улантып жазыңыз.* | ж.б |

Орто кесиптик окуу жайларында иштеген, табигый предметтерден сабак беришкен окутуучулардын биринчи суроого берген жоопторунун жыйынтыгы 1-таблицада берилди. Таблицадан көрүнгөндөй орто кесиптик окуу жайында иштеген окутуучулардын берген баасы боюнча андагы окуган студентеринин үчтөн бир бөлүгү, тактап айтканда 33,7 пайызы табигый предметтерге кызыкпаганын көрүүгө болот. Ал эми табигый предметтерге кызыккан студенттер жалпы студентердин төрттөн бирин, б.а. 25 пайызын түзүшөт экен. Өзгөрүү динамикасы боюнча айтсак жыл сайын кызыккандардын көбөйүүсү 16 пайызды түзсө,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



жыл сайын табигый предметтерге кызыккандардын азайып баратышы 27 пайызга жакын болууда. Мындан табигый предметтерге кызыкандардын эмес, кызыкпагандардын санынын басымдуу болуп өсүп бараткандыгы негативдүү көрүнүш болуп саналат. Мындан, орто кесиптик окуу жайынын студентеринин окуу жайында окуган табигый предметтер алардын адистик предметтерди жакшы өздөштүрүүсүнө көп деле таасир бербейт деп ойлошу мүмкүн деген пикир жаралат. Же болбосо табигый предметтерден сабак берген окутуучулар предметтин материалынын мазмунун кесипке багыттап тандабаган болушу керек, же өтүлгөн материалдын студенттердин кесиптик иш аракетиндеги маанисин ачып бербеген болушу мүмкүн деген пикир пайда болот. Же болбосо чындап эле орто кесиптик окуу жайына мектепте сабактарды жакшы деңгээлде өздөштүрө албаган репродуктивдүү же ага жеткиликсиз б.а. материалды өздөштүрө албаган деңгээлдеги мектеп окуучулары менен комплектелген болушу мүмкүн. Ал эми 23 пайызы активдүү, продуктивдүү деңгээлдеги окуучулар түзгөндүгүн айтууга болот.

*2-таблица*

**Орто кесиптик окуу жайындагы студенттердин табигый предметтерге болгон кызыгуусунун абалы?**

| Жалпы саны | Кызыккандар аз | Кызыккандар көп эле | Кызыккандар жыл сайын азайып барат | Кызыккандар жыл сайын көбөйүп баратат |
|---|---|---|---|---|
| 86 | 29 | 20 | 23 | 14 |
| 100 % | 33,7% | 23% | 26,7% | 16% |

Орто кесиптик окуу жайларында иштеген, табигый предметтерден сабак беришкен окутуучулардын экинчи суроого берген жоопторунун жыйынтыгы 2-таблицада берилди. Таблицадан көрүнгөндөй табигый предметтерден сабак берген окутуучулардын пикири боюнча орто кесиптик окуу жайдын студентеринин 35% нын өз алдынча билим алууга толук мүмкүнчүлүгү бар деп бааланган. Ал эми студенттердин потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен, окутуучулардын жүргүзгөн жигердүү иш-аракеттеринин жардамы менен негизинен өз алдынча билим алууга мүмкүнчүлүгү бар студентердин саны 37% түзгөн. Муну орто кесиптик окуу жайынын окутуучуларынын позитивдүү ой-пикири катары саноого болот. Же болбосо окутуучулар студентерге тиешелүү сабак өтүлгөндөн кийин үйгө өз алдынча аткарууга берилген тапшырмаларды аткаруу мүмкүнчүлүгү менен предметтик окутуучу катышпаган учурдагы студенттерге берилге окуу иштерин өз алдынча аткаруу мүмкүнчүлүгү менен алмаштырып жаткандыгын белгилөөгө болот. Эгерде чындап эле орто кесиптик окуу жайларынын окутуучуларынын пикири туура болсо, б.а. колледждердин студентеринин 72% окуу материалын өз алдынча өздөшүрүүгө потенциалдуу мүмкүнчүлүгү бар абитуриентер менен камсыздалган болсо, анда окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик билимин сапаты өтө жогору болору мыйзам ченемдүү көрүнүш болмок. Мында, өз алдынча билим алууга мүмкүнчүлүгү жоктор болгону 28% түзмөк. Демек биз окутуучулардын пикирине ишенген болсок, анда биз, кандай иш-аракеттердин негизинде колледждин студенттеринин өз алдынча билим алуусуна карата активдүүлүгүн көтөрүүгө болот - деген суроону койгонубуздун логикалык туура багыт экенине ынанууга болот.

*3-таблица*

**Колледждин студенттеринин өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн бааланышы.**

| Жалпы | Толук мүмкүнчүлүгү бар | Негизинен Мүмкүнчүлүгү бар | Жарым-жартылай | Мүмкүнчүлүгү жок | Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|---|---|
| 86 | 30 | 32 | 12 | 8 | 4 |
| % | 34,8% | 37,2% | 14% | 9,3% | 4,6% |

Орто кесиптик окуу жайларында иштеген, табигый предметтерден сабак беришкен окутуучулардын үчүнчү суроого берген жоопторунун жыйынтыгынан төмөнкүлөрдү айтууга болот. Сурамжылоо баракчасында жазылган 25 түрдүү аталыштагы иш-аракеттердин таасир этүү даражасы аныкталды. Эскермедеги көрсөтүлгөн жазуу боюнча бир дагы окутуучу андан сырткары иш-аракеттер тууралуу жазышкан жок. Сурамжылоо жыйынтыгы берилген жооптордун орточо статикалык маанисин табып, аларды өсүү тартиби боюнча жайгаштыруу менен орто кесиптик окуу жайынын студенттеринин өз алдынча билим алуусуна карата активдүүлүгүн көтөрүүчү иш-аракеттердин таасирлик даражасынын рейтинги 3-таблицада берилди.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2022

*3-таблица*

**Студенттеринин өз алдынча билим алуусуна карата активдүүлүгүн көтөрүүчү иш-аракеттердин таасирлик даражасы.**

| № | Таасир этүүчү иш аракеттердин аталышы | Орточо балл маанилери |
|---|---|---|
| 1. | Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабакты кызыктуу кылып өтүү. | 5,08 |
| 2. | Сабакта заманбап технологиялык каражаттарды (проектор, слайд, аудио, видео материалдарды) колдонуу менен сабак өтүү. | 4,79 |
| 3. | Сабак өтүү процессинде эксперименттерди, тажрыйбаларды, көрсөтмө материалдарды кеңири колдонуу. | 4,62 |
| 4. | Студентердин жекече аткарган ишин башка студенттердин алдында презентация жасоосу. | 4,50 |
| 5. | Сабак мазмунун кесипке байланыштуу кызыктуу, жөнөкөй мисалдар менен жеткиликтүү кылуу. | 4,45 |
| 6. | Керектүү маалыматты интернет ресурстук булактарынан табууну үйрөтүү жана аны талап кылуу. | 4,41 |
| 7. | Окутуучунун тажрыйбалуу, чыгармачыл жана шыктуу болушу жетиштүү жана зарыл шарт. | 4,41 |
| 8. | Сабактан тышкаркы иштерди, кружокторду, ийримдерди уюштуруу иштерин жүргүзүү . | 4,37 |
| 9. | Студенттерге эмоционалдык, эмпатиялык мамиле жасап, өз алдынча иштөө иштерин тагуу. | 4,32 |
| 10. | Практикалык (лабораториялык) сабакта студенттердин бири-бирине материалды түшүндүрүп берүү тапшырмаларын аткартуу. | 3,95 |
| 11. | Сабакта студенттерге суроо даярдатып аны бири-бирине бергизип, жообун айттыруу. | 3,95 |
| 12. | Салттуу сабак өтүүнү токтотуп жалаң гана окутуунун интерактивдүү формаларын кеңири колдонуп сабак өтүү. | 3,83 |
| 13. | Студенттерге өздөштүрүүгө берилген жаңы материалдык тапшырмаларды аткарууга талапты катуу коюнун негизинде | 3,75 |
| 14. | Студенттерди жаңы сабак материалды өз алдынча өздөштүрүүгө психологиялык жактан даярдоо жетиштүү. | 3,71 |
| 15. | Сабактан тышкаркы убакта аткаруучу кесипке байланыштуу жекече тапшырманы көп берүү. | 3,66 |
| 16. | Сабакта студенттердин ортосунда талаш-тартыш маселесин жаратуу, алардын пикир алмашуусуна түрткү берүү. | 3,66 |
| 17. | Студенттердин өз алдынча окуусуна багыт берип туруу гана жетиштүү болушу мүмкүн. | 3,62 |
| 18. | Сабакта программалап окутуу методун колдонуу. | 3,60 |
| 19. | Студентердин тиешелүү деңгээлге жараша билим куржунун (базасын) жетиштүү кылуу. | 3,54 |
| 20. | Студенттердин өз алдынча билим алуу иш аракетин максималдуу баалоо негизде стимулдаштыруу функциясына көп көңүл буруу. | 3,53 |
| 21. | Окуу материалын студенттердин өздөрү окуусун катуу талап кылуунун жолдорун колдонуу. | 3,45 |
| 22. | Окуу материалын жакшы өздөштүргөн студентке жетишпегенге жардам берүүсүн талап кылуу. | 3,41 |
| 23. | Студенттердин билим деңгээлине жараша гана тиешелүү тапшырмаларды берип аны аткартуу. | 3,40 |
| 24. | Сабакты дидактикалык оюн түрлөрүн көп колдонуп материалды өз алдынча өздөштүрүүгө өткөрүү. | 3,37 |
| 25. | Студентердин билим алууга карата өздүк рефлексиясын өстүрүү жана өнүктүрүү. | 3,25 |

Биринчи 5 орунга жайгашкан иш-аракеттерге анализ жасап өтөлү. Чындыгында эле салттуу сабак өтүүгө караганда инновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабакты кызыктуу кылып өтүүгө боло турганы белгилүү көрүнүш. Салттуу окутуудагы бир тектүү маалымат берүү студенттер үчүн жаңылык болбой, алардын өзгөрүүгө болгон каалоосу канааттанбай калышы мүмкүн. Ошондуктан сабактын кызыктуу болушу студенттердин предметке болгон кызыгуусун ойготот деп айтсак болот. Ал эми инновациялык ыкмаларды колдонуу сабакта заманбап технологиялык каражаттарды (проектор, слайд, аудио, видео материалдарды) колдонуу менен коштолуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан мунун экинчи орунда болушу окутуучулар үчүн маанилүү көрүнгөн болуу керек. Салттуу сабакпы же активдүү инновациялык сабакпы ал физиканын предметтик материалын студенттерге түшүндүрүү сабак өтүү процессинде тажрыйбалык эксперименттердин, көрсөтмө материалдык куралдардын кеңири колдонулуусу позитивдүү натыйжада бере тургандыгын окутуучулар билишет. Ошондуктан ал үчүнчү позицияны ээлеген. Салттуу окутууда тапшырма түрүндө болобу, өз алдынча аткаруучу иш (СӨИ-СРС) түрүндө болобу же курстук иш, реферат болобу алардын жыйынтыгын окутуучу өзү гана текшерип тиешелүү баалап келген. Студент чындап ниетин коюп аткардыбы же эптеп эле СӨИ ден кутушуш үчүн аткардыбы иши кылып кандай деңгээлде аткарганы билинбей калат. Ошондой эле аткарган ишти баалоо реалдуу болгону же субьективдүү болгону көрүнбөйт. Эгерде студент жекече аткарган ишин башка студенттердин алдында презентация жасоо менен отчет берген болсо, анда ал ага чындап даярданат. Баалоо студенттердин көзүнчө болгондуктан реалдуу болушуна ишенет. Суроолор болушу мүмкүн экенин ойлонот. Ошондуктан бул иш-аракетти оку-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



туучулар төртүнчү позицияда деп ойлошкон. Көпчүлүк учурда студенттер физикада өтүлгөн материалды жөн эле алардын жалпы кругозорун көтөрүүчү маалымат катары баалап келишет. Алардын кесиптик иш аракеттериндеги маселелерди чечүүдөгү колдонулуучу инструмент же курал экендигин жакшы деле билишпейт же көп маани беришпейт. Ошондуктан көпчүлүк учурда студентер көңүл кош гана экзаменден оң натыйжалуу баа алыш үчүн гана даярданышат. Эгерде физикада өтүлүүчү сабак материалдын мазмунун алардын болочокто болуучу кесипке байланыштуу кылып, кызыктуу жөнөкөй мисалдар менен коштолсо анда сөзсүз студенттер ал материады түшүшүүгө кызыгышмак. Ошол себептен окутуучулар бул иш-аракеттин таасирин түшүнүшүп бешинчи позицияга жазышкан. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын окутуучулары сабак учурунда болобу же өз алдынча иштерди аткарууда болобу керектүү маалыматты интернет ресурстук булактарынан табууну үйрөтүү чоң мааниге ээ экендигин баамдай алышкан. Ал эми окутуучуларга аз тааныш болгон иш-аракеттер: сабакта студенттерге суроо даярдатып аны бири-бирине бергизип, жообун айттыруу, чыгармачыл жана шыктуу болууга умтулуу, кесипке байланыштуу материалдан өз алдынча иштөө тапшырманы көп берүү, сабакта студенттердин ортосунда талаш-тартыш маселесин жаратып палемика уюштуруу, сабакты дидактикалык оюн түрлөрүн көп колдонуп бара-бара материалды өз алдынча өздөштүрүүгө өткөрүү жана маанилүүлөрдүн бири болгон билим алууга карата студенттердин өздүк рефлексиясын ойготуу жана өстүрүү сыяктуу иш-аракеттер көңүлдүн сыртында калып кеткени окутуучулардын билимин жогорулатуу зарылдыгын билдирет.

Мектептеги жүргүзүлгөн изилдөөдөгү, акырындап окуу жүгүнүн оордугун мугалимден окуучуга өткөрүп берүү процесси жана окуучулардын сабакка болгон активдүүлүгүн кандай факторлордун жардамы менен көтөрүүгө мүмкүн деген маселедеги тасирдүү факторлор менен орто окуу жайындагы студенттердин активдүүлүгүн көтөрүү маселесинин факторлорунун инновациялык ыкмаларды колдонуу, презентация жасатуу жана сабак материалын кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү кылуу деген иш-аракеттер гана айкалышты. Мындан биз орто окуу жайындагы иш аракеттердин дээрлик 70% башка болушун болжолдодук.

Изилденген маалыматтан төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот?

1. Орто кесиптик окуу жайынын окутуучуларынын пикири боюнча колледждин студенттеринин өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендигине болгон ишеними бул багыттагы иш-аракеттерди жүргүзүү болгон биздин максаттуу багытыбыздын тууралыгын билдирди.

2. Орто кестиптик окуу жайында студенттердин сабак өздөштүрүүгө болгон активдүүлүгүн көтөрүүчү иш-аракеттеринин мектепте окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуучу иш-аракеттер менен 70%нын айкалышуусу жок экендиги аныкталды.

3. Сурамжылоодо аныкталган алдыңкы 5 иш-аракеттер менен окутуучуларга тааныш болбогон, көңүл сыртында калган маанилүү иш-аракеттерди бириктирүү менен студентердин активдүүлүгүн жогорулатуу ыкмаларын иштеп чыгуу көңүлгө алынды.

**Адабияттар:**


1. Мамбетакунов Э.М. Таалим-тарбия процесси: теория, технология, практика. [Текст] / Э.М. Мамбетакунов. - Бишкек, 2017. - 269б.
2. Муратов А. Окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] / А. Муратов, К. Акматов. - Бишкек, 2017. - 320б.
3. Бекбоев И. Окутуу процессинин илимий негиздери. Мектеп мугалимдери, ЖОЖдордун октуучулары, аспирантар жана изденүүчүлөр үчүн. [Текст] / И. Бекбоев. - Бишкек. «Улуу Тоолор», 2020. - 120 б.
4. Жуманазаров К.П. Активдүүлүк заманбап окутуунун маанилүү фактору. [Текст] / К.П. Жуманазаров, С.К. Калдыбаев. // Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш (S). -2020. - 230-233-бб.
5. Курманкулов Ш.Ж. Табигый-математикалык предметтерди окутууда окуу жүгүн окуучуларга өткөрүү маселеси [Текст]. / Ш.Ж. Курманкулов, Ч.Т. Раева // Известия вузов Кыргызстана №10. - 2018. - 43-46-бб.
6. Курманкулов Ш.Ж., Бешкемпирова В.К. Окуучулардын табигый-математикалык предметтерди окууга болгон активдүүлүгүн жогорулатуу ыкмаларынын рейтинги [Текст]. / Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана. №10. - 2019. С. 196-203.
7. Курманкулов Ш.Ж., Бешкемпирова В.К. Метод стартового эксперимента согласно теме одного урока. / Известия вузов Кыргызстана. 2019. №. 8. С. 130-134